# ФИЗИКА ЖАНА АНЫ ОКУУТУУНУН ТЕХНОЛОГИЯСЫНЫН КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

# АКТУАЛЬНЫЕ ВОПРОСЫ ФИЗИКИ И ТЕХНОЛОГИИ ЕЕ ОБУЧЕНИЯ

# ACTUAL PROBLEMS OF THE PHISICS AND ITS TEACHING TECHNOLOGIES

*Анарбекова М.*

## КЛАССТАН ТЫШКАРЫ ИШТЕРДЕ ОКУУЧУЛАРДЫН ЧЫГАРМАЧЫЛ ЖӨНДӨМДҮҮЛҮГҮН КАЛЫПТАНДЫРУУ

*Анарбекова М.*

## ФОРМИРОВАНИЕ ТВОРЧЕСКИХ СПОСОБНОСТЕЙ УЧАЩИХСЯ ВО ВНЕКЛАССНОЕ ВРЕМЯ

*M. Anarbekova*

## FORMATION OF CREATIVE ABILITIES OF STUDENTS IN EXTRACURRICULAR TIME

*УДК: 373.1.378.14*

*Бул макалада орто мектепте физика боюнча класстан тышкары иштерди аткарууда окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүлүктөрүн жана аларды анализдөө сабакка болгон кызыгуусун арттыруу негизделди жана жаңы билимди өз алдынча өздөштүрүүнү жана үйрөнүүнү кабыл алуу каралды.*

***Негизги сөздөр:*** *чыгармачылык жөндөмдүүлүк, класстан тышкары иштер, мотив, чыгармачылык көндүмдөр, калыптандыруу.*

*В этой статье рассмотрена творческая работа учащихся по физике в средней школе и сделан анализ урока и внеклассной работы, при выполнении которых, учтены способности учащихся по изучению и освоение новых знаний и повышения заинтересованности и закрепления знаний по предмету.*

***Ключевые слова:*** *творческая способность, внеклассная работа, мотив, творческие навыки, формирование.*

*This article deals with the creative work of students in physics in high school and made the analysis of the lesson and extra-curricular activities, performing which, taken into account the students' ability to study and the development of new knowledge and increase interest and reinforce knowledge on the subject.*

***Key words:*** *creative ability, class work, motive, creative skills, formation.*

Жалпы билим берүүчү предмет катары мектепте физиканы, астрономияны окутуу окуучуларды заманбап техниканын дүйнөсүндө турмушка даярдоодо жана алардын дүйнөгө болгон жалпы көз караштарын калыптандырууда олуттуу мааниге ээ.

Жакынкы мезгилдерге чейин мектепте физикалык билим берүүнүн негизги максаты физиканын негиздери боюнча окуучулардын бекем жана терең билимдерин калыптандыруу болуп келген. Бирок, азыркы учурда окутуунун тарбиялоочулук жана өнүктүрүүчүлүк милдети биринчи орунга коюлууда.

Бул бекем жана терең билим берүү кийинки планга калды дегендик эмес, тескерисинче, окуучу өзүнүн шык-жөндөмүнө жараша келечек кесибин өз алдынча аң-сезимдүү түрдө аныктай алуусуна, ага байланыштуу предметтерден терең жана жеткиликтүү билим алуусуна шарт түзүү, өз мамлекети үчүн зарыл жана пайдалуу ишти чыгармачылык менен аткарууга компетенттүү инсанды тарбиялоо дегендик.

Ошондуктан, бүгүнкү күндө физикалык билим берүүдө төмөнкүлөргө көңүл буруу зарыл:

- физиканы окутуу процессинде окуучуларды кесип тандоого даярдоо;
- окуучулардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү;
- окууга болгон мотивин (ынтызарлыгын) калыптандыруу.

Бирок, булардын бардыгында мугалимдин физикадан базалык билими, педагогикалык чеберчилиги, чыныгы мугалимдик жана инсандык касиети негизги мааниге ээ.

Физиканы окутуу процессинде окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн, чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү, окуучулардын физиканы үйрөнүүгө болгон ынтызарлыгын (мотивин) калыптандыруу, физикалык билим берүүдө кездешкен кыйынчылыктар, алардын пайда болуу себептери жана аларды четтетүүнүн мүмкүн болгон шарттары, физиканы окутуунун интерактивдүү технологияларын, презентацияларды, интерактивдүү доскаларды, ж.б. колдонуунун билим сапатына чоң таасир тийгизет. Ошондой эле физика кабинеттеринин жабдылышы да класстан тышкаркы иштерди аткаруунун эң негизги шарттарынын бири болуп эсептелет.

Жалпы билим берүүчү мектептерде сабактан тышкары убактарда да билим алуунун башка түрлөрү колдонулат. Көбүнчө экскурсия, үй тапшырмасы, факультативдер, предметтик кружоктор, студиялар, олимпиада, конкурстар ж.б. уюштурулат.

Класстан тышкары билим берүү процесси белгилүү бир билимдерди, билгичтиктерди көндүмдөр-

дү берүүгө гана эмес болочоктогу мугалимдерди көп пландуу өнүктүрүүгө, алардын чыгармачылык жөндөмдүүлүктөрүн жана демилгелүүлүк, өз алдынчалык креативдүүлүк, өзгөчөлүк өңдүү инсандык сапаттарын башкача айтканда жеке адамды индивидуалдуулук деп атоого жол бергендин баарысын ачууга да багытталган




Окутуунун сабактан тышкары түрлөрүнө төмөндөгүнү мисал катары келтирели.

**Кызыктуу 10 секунд**

Бул оюнду кандайдыр бир физикалык кече өткөрүүдө колдонсо болот. Мында мугалимдин иш аракети жана окуучулардын ой жүгүртүүсү чон мааниге ээ. Мугалим алдын ала даярдап алып келген суроолорду кеченин катышуучуларына берип жооп алат. Катышуучулар залда отурган окуучулар же мугалимдер да болушу мүмкүн. Же болбосо бул суроолор залда отургандарга жалпы берилиши мүмкүн.

**Оюндун шарты:** *Сахнага 3 окуучу чыгат, аларга баш чаптырмай суроолор берилет. Ойлонууга 10 секунд берилет, эгерде туура эмес жоопторду айтышса кайрадан убакытты жанылантабыз. Кимдеким жообун биринчилерден болуп айтса ал окуучуга упай берилет. Оюндун аягында окуучулардын упайларын эсептеп женичүүгө жана катышуучуларга белектерин берип, оюнга катышкандыгына ыраазычылык билдиребиз.*

1. Кандай зат бир абалдан экинчи абалга өткөндө өзүнүн атын өзгөртөт? (муз-суу).
2. Алманын жарымы эмнеге окшош? (алманын жарымына окшош).
3. Кайсы санды өзүнө-өзүн кошкондо жана көбөйткөндө бир эле маанини берет? (эки).
4. Ит 10 метрлик жипке байланган, бирок 300 м жол басып өткөн. Кантип? (жиптин экинчи учу бош).
5. 30 жана я дан турган атты тап (Зоя).
6. 2л сүттү канткенде 1л банкага батат? (кайнатканда).
7. Импульс деп эмнени айтабыз?
8. Импульс кандай бирдик менен ченелет?
9. Импульстун сакталуу закону кандай айтылат?

Азыркы мезгилде мектептердин стратегиясы билим берүүнү гуманитарлаштырууга жана гумандаштырууга (адамгерчиликтештирүүгө) багыт алган. Ошого карабастан физика предмети башка предметтерди байланыштырып турган негизги таяныч предмет катары калууда.

Жаңы окуу пландын кээ бир вариантында (мисалы, гуманитардык класстарда) физика боюнча окуу сабактары өтө аз киргизилген. Бул жактардын жана жалпы билим берүүчү мектептердин окуучуларынын физикага кызыккандарынын кызыкчылыгына карама-каршы келет. Класстын окуу сабагын класстан тышкаркы иштер менен айкалыштыруу аркылуу толуктоого мүмкүн.

**Адабияттар:**

1. Бекбоев И., Алимбеков А «Азыркы сабакты даярдап өткөрүүнүн технологиясы». - Бишкек, 2011.
2. Мамбетакунов Э. «Физиканы окутуунун теориясы жана пратикасы». - Бишкек, 2004.
3. Мамбетакунов Э., Сияев Т. «Педагогиканын негиздери». - Бишкек, 2008.
4. Койчуманов М., Исаева Р.У. «Физика мугалимдерин класстан тышкаркы.
5. Мамбетакунов Э. «Физиканы окутуунун теориясы жана пратикасы». - Бишкек, 2004.
6. Шамырканова З.Б., Джаналиева Ж.Р., Анарбекова М.А. «Физика боюнча демонстрациялык тажрыйбалар». - Бишкек, 2012.

**Рецензент: к.пед.н. Исмаилова Г.Д.**